98-3

С

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ

КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК УЛУТТУК УНИВЕРСИТЕТИ

Кол жазма укугунда

АСАКЕЕВА ДИНАРА ЖОЛДОШЕВНА

# ЧЫҢГЫЗ АЙТМАТОВДУН ЧЫГАРМАЛАРЫНДА СЮЖЕТ КУРУУ ПРОБЛЕМАСЫ

/"Ак кеме", "Эрте келген турналар",
"Деңиз бойлой жорткон Ала-Дөбөт"/

10.01.01 - Кыргыз адабияты

Филология илимдеринин кандидаты
окумуштуулук даражасын алуу үчүн жазылган
диссертациянын

А в т о р е ф е р а т ы

Бишкек - 1997

Иш Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер Академиясынын Кыргыз адабияты жана адабий байланыштар секторунда аткарылды.

Илимий жетекчи: - филология илимдеринин доктору, профессор А.А.Акматалиев

Официалдуу оппоненттер - Казак Республикасынын Улуттук илимдер Академиясынын академиги, филология илимдеринин доктору, профессор З.А.Ахметов

- филология илимдеринин кандидаты, доцент Л.Ү.Үкүбаева

Жетектөөчү мекеме - Ош мамлекеттик университети

Диссертациялык иш "25" июнь 1997-ж. саат 10⁰⁰ дө Кыргыз Мамлекеттик Улуттук университетинин алдындагы Д 10.97.55. Адистештирилген кеңештин жыйынында корголот.

Дареги: 720024, Бишкек-24, Манас көчөсү, 101.

Диссертация менен Кыргыз Мамлекеттик Улуттук университетинин илимий китепканасынан таанышууга болот.

Автореферат 1997-ж. "23" июнь жөнөтүлдү.

Адистештирилген кеңештин окумуштуу катчысы, филология илимдеринин кандидаты, доцент Ж.М.Рыскулова

Жалпы мүнөздөмө. Адабияттын көркөм формасын изилдөө – эң актуалдуу маселелердин бири. Айрыкча коомдук илимдер, анын ичинде адабият таануу илими, саясатташкан эстетиканын оор жүгүнөн бошоно баштагандан тартып чыгарманын формасын өз алдынча таанып билүүгө кадимкидей көңүл бөлүнө баштады. Биздин оюбузча мына ушундай көңүл бөлө турган адабий көркөм проблеманын бири – сюжет маселеси.

Ал эми Чыңгыз Айтматовдун чыгармачылыгында сюжет куруу маселеси эң негизги, эң орчундуу көркөм системалардан десек болот. Ошондуктан жазуучунун ар түркүн мазмундуу чыгармаларынын арасынан сюжеттик түзүлүшү боюнча бири-бирине жакын турган, бири-бирин толуктаган жана тереңдеткен үч повесттин, атап айтканда, "Ак кеме" (1970), "Эрте келген турналар" (1975), "Деңиз бойлой жорткон Ала-Дөбөт" (1977) повесттерин атайы бөлүп, өз алдынча изилдөөгө алдык. Изилдөө эмгегинде аталган чыгармалардын сюжеттик структурасын, ар биринин өз алдынчалыгын жана бөтөнчөлүгүн ачып көрсөтүүгө аракет жасалды.

Адамдын жекече тагдырын көрсөтүүдө, адамдын рухун, адамдын ички дүйнөсүн ачууда жана изилдөөдө мазмун жагынан ар түрдүү, ал турмак, чукул окуялардын, кескин кырдаалдардын түздөн-түз сюжеттик негизге алынышы – Ч.Айтматов үчүн атайын чыгармачылык ой, тагыраак айтканда, эстетикалык максат.

Бул чыгармаларда сүрөттөлгөн окуялар жана кырдаалдар турмуштук негиздери боюнча ар түрдүү, Мейкиндик жана Мезгилдик аралыктары ар башка. Ошого карабастан повесттерди кандайдыр бир маанide бириктирип, уюмдаштырган борбордук бирдиктүү бир проблема бар. Ал – жаш өспүрүмдүн тагдыры аркылуу чагылдырылган адам тагдыры, эл тагдыры. Мына ушундай жалпы адамзаттык мааниси бар идеялык проблеманы ишке ашырууда, көркөмдүк реализациялоодо ар бир повесттин сюжети өзгөчө кызмат – функция аткарат. Мына ошондуктан бул чыгармалардын образдык системасын ачууда, идеялык проблемаларын көрсөтүүдө эң биринчи иретте жазуучунун сюжет куруу бөтөнчөлүгүн талдоо маселеси өтө зарыл жана биринчи катардагы адабий маселе деп түшүнөбүз.

Теманын актуалдуулугу. Кыргыз жазуучуларынын ичинен Чыңгыз Айтматовдун чыгармачылыгы ар тараптан кеңири изилденген десек туура болот. Бөтөнчө орус тилинде жазылган адабий сында, адабият илиминде Ч.Айтматовдун повесттери жана романдары кеңири талдоого алынган. Ошондой болсо да жазуучунун чыгармаларындагы сюжет проб-

лемасына атайы арналган эмгектин дээрлик жоктугу — бул маселенин актуалдуулугун өзүнөн-өзү айгинелейт. Ырас, бул жагдайда жазылган Ш.Орозакуновдун кандидаттык диссертациясы[1] бул проблеманы атайы изилдөөдөгү алгачкы ийгиликтүү кадамдардан болуп эсептелет. Бул илимий эмгекте, негизинен, "Жамийла", "Бетме-бет", "Биринчи мугалим", "Тулсарат", "Ак кеме" повесттеринин сюжеттик-композициялык түзүлүш маселелери изилденген. Мындан айырмаланып, биз өзүбүздүн эмгегибизди Ч.Айтматовдун "Ак кеме", "Эрте келген турналар", "Деңиз бойлой жорткон Ала-Дөбөт" повесттеринин сюжеттик түзүлүш өзгөчөлүгүнө арнадык. Анткени жетимишинчи жылдарда удаа-удаа жазылган бул чыгармалар идеялык-тематикалык мазмуну боюнча повесттердин өзүнчө бир циклин түзүү менен бирге, жазуучунун чыгармачылык эволюциясынын өзүнчө бир тилкесин, этабын жаратты. Ч.Айтматов дал ушул чыгармаларда улуттук теманы жана улуттук турмушту жалпы адамзаттык позициядан сүрөттөө деңгээлине көтөрүлдү. Дал ушундай жалпы адамзаттык идеялык-көркөмдүк проблеманы көтөрүүдө жана ишке ашырууда бул повесттердин ар биринин <u>өтө оригиналдуу</u> сюжеттик түзүлүшү чоң роль ойноду. Сюжеттин кайталангыс оригиналдуулугу, тагыраак айтканда, бир гана Ч.Айтматовдун чыгармачылыгына мүнөздүү болгон оригиналдуулук, биз изилдөөгө алган проблеманын актуалдуулугун алдын-ала аныктады.

Теманын актуалдуу болушунун дагы бир жагдайы бар. Жазуучунун кайсы чыгармасын алба /өтөнчө кийинки чыгармалары/ окуянын чиеленишин жана өнүгүшү драмалык курч кагылыштар менен белгиленет, бул коллизиялар көп учурларда трагедиялык доошто аяктайт. Трагизмдин пайда болушу табийгы түрдө оригиналдуу сюжеттик өнүгүштү жаратат, ошол сюжеттик өнүгүш аркылуу жазуучунун ой-максаты ишке ашат. Демек, сюжет маселесин ушул аспектиде караганда да анын актуалдуулугу азыркы кыргыз адабий таануу илими үчүн талашсыз болуп чыгат.

<u>Изилдөөнүн теориялык жана методологиялык негиздери</u>. Ч.Айтматовдун үч повестиндеги сюжеттик өзгөчөлүктү конкреттүү талдоодон мурда, ушул жазуучу жөнүндөгү кыргыз адабий таануу илиминде жана орус адабий таануу илиминде жазылган эмгектер изилдөөнүн негизине коюлду. Мисалга алсак: С.С.Аверинцев, Л.Арутюнов, Г.И.Ломидзе, З.Кедрина, В.Оскоцкий, Б.Панкин, Н.К.Гей

---

[1] Орозакунов Ш. Вопросы сюжетно-композиционного построения повестей Ч.Айтматова. Дис. ...канд.филол.наук. - Фрунзе, 1982.



ж.б., ал эми кыргыз адабиятында К.Артыкбаев, К.Бобулов, И.Лайлиева, О.Ибраимов, А.Садыков, Л.Рудов, ж.б. эмгектери. Ошондой эле, айтматовтаануучулар: Г.Д.Гачев, Л.И.Лебедева, Л.С.Левченко, Н.Д.Лейдерман, П.М.Мирза-Ахмедова, В.Коркин, Д.Стройлов, А.А.Акматалиев, К.Асаналиев, К.Ибраимов, Ж.М.Рыскулова, Л.У.Укубаева ж.б. эмгектери негизге алынды.

Ал эми "Ак кеме", "Эрте келген турналар", "Деңиз бойлой жорткон Ала-Дөбөт" повесттеринин сюжеттик түзүлүшүн конкреттүү талдоо учурунда сюжет маселесине арналган илимий эмгектер, монографиялар жана макалалар мүмкүнчүлүк болушунча кеңири пайдаланылды. Ушул жагдайда орус адабий илиминин көрүнүктүү окумуштуулары А.Н.Веселовский, М.Бахтин, Е.С.Добин, В.В.Кожинов, Л.С.Левитан, Ю.М.Лотман, Г.Н.Поспелов, Л.И.Тимофеев, М.Б.Храпченко, Л.М.Цилевич, В.Б.Шкловский ж.б., кыргыз адабиятында У.Касыбеков, А.Медетов ж.б. эмгектериндеги сюжет боюнча айтылган теориялык аныктамалары, жекече көз караштары, туюмдары конкреттүү маселелердин түйүнүн чечүүдө илимий таяныч жана көмөк болду.

<u>Иштин изилдөө объектисине</u> Ч.Айтматовдун чыгармалары, атап айтканда, "Ак кеме", "Эрте келген турналар", "Деңиз бойлой жорткон Ала-Дөбөт" повесттери алынды. Бул үч чыгарманын атайын бөлүнүп алынышынын себеби: үч башка турмуш-чындык сүрөттөлгөнүнө карабастан, өздөрүнүн сюжеттик курулмасы жана принциби боюнча бирдиктүү концепцияга негизделген.

<u>Изилдөөнүн максаты.</u> Изилдөө ишинин негизги максаты Ч.Айтматовдун чыгармаларындагы сюжет куруу проблемасын ачып көрсөтүү. Изилдөөдө "Ак кеме", "Эрте келген турналар", "Деңиз бойлой жорткон Ала-Дөбөт" повесттеринде жазуучунун сюжет түзүү чеберчилигин ачуу проблемасы биринчи планга коюлган. Аталган повесттердин идеялык-эстетикалык көркөм өзгөчөлүгү эң иримде сюжеттик конструкцияга байланыштырылып төмөнкүчө аныкталат:

- ар бир повесттин <u>жекече</u> жана <u>өз алдынча</u> сюжеттик түзүлүшүн иликтөө-талдоо;
- жазуучунун идеялык-көркөмдүк концепциясын жана ой-максатын ишке ашырууда сюжеттин өтөнчө функция-кызматы;
- улуттук чындык, улуттук мүнөздүн <u>жаңыча</u> берилиши;
- миф, реалдуулук, фантастиканын табийгы биримдиги жана өз алдынчалыгы;
- турмуштук материалдын негизинде жаңы образдын, жаңы мүнөздүн калыптанышы.

<u>Изилдөөнүн жаңылыгы.</u> Бул илимий эмгекте эң маанилүү маселе

иретинде прозалык чыгармаларда сюжеттин алган орду, аткарган кызматы, ошондой эле, сюжет менен композициянын өз ара байланыш, биримдигин конкреттүү көрсөтүүгө аракет жасалат. Ч.Айтматовдун чыгармачылыгы азыркы мезгилде дүйнөлүк масштабдагы, белгилүү маанидө космополиттик окуяга айланган учурда, айрыкча "Кассандранын тамгасы" романынан кийин, кыргыз адабий таануу илими үчүн эң оболу жазуучунун чыгармаларындагы улуттук өзгөчөлүктү жана анын тереңдеги тамырларын ачып көрсөтүү актуалдуу маселе болуп эсептелет. Ушул көз караштан сюжет проблемасын талдап көргөндө; "Ак кеме", "Эрте келген турналар" повесттеринде жазуучунун мифке, фольклорго, кыргыз элинин көркөм мурасынын туу чокусу болгон "Манаска", ал эми "Деңиз бойлой жорткон Ала-Дөбөт" повестинде нивхи элинин фольклоруна кайрылышы кокустук көрүнүш эмес, атайы сюжеттик концепция, сюжеттик структура экенин көрсөтүү диссертациялык эмгектин негизги жаңылыгына жатат. Тагыраак айтканда, диссертациянын жаңылыгы – повесттердин сюжеттик өзгөчөлүгүн анализдөө аркылуу бул чыгармалардын нукура улуттук негиздерин көрсөтүү болуп эсептелет. Сюжет маселесин изилдеген бул эмгекте, ошондой эле конкреттүү түрдө жазуучунун сюжет куруудагы <u>өзгөчө</u> чеберчилигин ачууга аракет жасалат. Сюжеттин структуралык түзүлүшүн талдоодо факты материалдарга, теориялык-методологиялык адабияттарга таянуу менен жазуучунун мифке, фольклорго болгон көз карашы, идеялык-эстетикалык мамилеси ачылып көрсөтүлөт. Мына ушул жагдайда миф менен реалдуулук, шарттуулук менен фантастика сюжеттик ички кыймылды жаратууда жазуучунун бирден-бир көркөм каражаттары катары кызмат аткарат. Изилдөөнүн жаңылыгы жазуучунун мына ушундай өтөнчө өзгөчөлүктөрүнө негизделет жана изилдөөнүн пафосу сюжеттик курулуштун ошол өтөнчө өзгөчөлүктөрүнүн ички мазмунун таанып-билүүгө багытталат.

<u>Изилдөөнүн практикалык мааниси.</u> Кыргыз совет адабиятынын калыптануусунда жана өсүп-өнүгүшүндө өзүнчө бир этап болуп калган Ч.Айтматовдун чыгармаларынын алган ордун аныктоодо, дүйнөлүк башка элдердин адабияты менен болгон байланыштарын көрсөтүүдө, прозалык чыгармалардагы сюжет маселесин үйрөнүүдө бул диссертациялык иш өзүнүн белгилүү даражадагы көмөгүн көрсөтмөкчү, ошондой эле жогорку окуу жайларында адистештирилген атайын курс катары пайдаланылмакчы. Адабияттагы сюжет проблемасы тууралуу кызыккандарга, илимий иш жүргүзгөндөргө өз жардамын бермекчи.



<u>Изилдөөнүн апробациясы.</u> Диссертация Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер Академиясынын Кыргыз адабияты жана адабий байланыштар секторунда аткарылды. Изилденген иштин негизги жыйынтыктары окуу китептерде, жыйнактарда жана республикалык газеталарда жарыяланган макалаларда чагылдырылган. Мындан тышкары диссертациянын темасы боюнча конференцияларда; /Ч.Айтматовдун чыгармачылыгына арналган 1993-ж. декабрь айында өткөрүлгөн илимий-теориялык конференцияда, жаш окумуштуулардын 1994-ж. май айында өткөрүлгөн илимий-практикалык конференциясында; "Манас" эпосунун 1000 жылдыгына карата 1995-ж. июнь айында өткөрүлгөн жогорку окуу жайлар аралык илимий-практикалык конференцияда/ докладдар жасалган.

<u>Иштин структурасы.</u> Диссертация киришүүдөн, үч главадан, корутундудан жана пайдаланылган адабияттардын тизмесинен турат.

<u>Диссертациянын биринчи главасы:</u> "Ак кеме" повестинин сюжеттик концепциясы", – деп аталат да, анда Ч.Айтматовдун "Ак кеме" повестинин сюжеттик түзүлүшү талдоого алынат. Бул чыгармасы тууралуу Р.Гамзатов менен болгон маегинде жазуучу төмөндөгүдөй айтат: "Жаңы жылда менин жаңы чыгармам чыгат... Ал "Жомоктон кийин" деп аталат. Ал күтүлбөгөн жерден пайда болду. Аңгеме жазууну ойлодум. Жаздым, бирок аягына кандай чыгарды билбей, уланып отурду... Азыр толкунданып жатам, окурмандар кандай кабыл алар экен, бул мурунку чыгармаларыма окшобойт"[1].

Чынында да, турмуштук кагылыштарды жаңыча көрүп, жаңыча сүрөттөгөн "Ак кеме" повести жазуучунун чыгармачылыгында өзүнчө бир бурулуш этап болуу менен бирге, адабий сында жана адабият таануу илиминде күтүлбөгөн курч талаш-тартыштарды чакырды.

Повесть жарыяланары менен ага удаа сын-макалалар чыкты. Арадан жарым жыл өтпөй "Ак кеме" тууралуу "Литературная газетада" өтө курч, карама-каршы пикирлерди айткан дискуссия жүрдү. Ал турмак А.Алимжановдун, Д.Старковдун макалаларында бул повесть өзүнүн мазмуну боюнча социалисттик реализм принциптеринин негизине карама-каршы деген ойлор айтылды.

Суроо туулбай койбойт, <u>өз заманынын эң партиялуу</u> жазуучуларынын бири Ч.Айтматовдун чыгармасына карата мындай оор "күнөө" кайдан келип чыгып жатат.

Ырас, "Ак кеме" трагедиялуу аяктайт, мында чынында да баланын өлүмүнө байланыштуу оор трагедия орун алган.

Повесть жети жашар баланын тагдыры тууралуу баяндайт. Повесттин <u>экспозициясында айтылгандай</u> Баланын эки жомогу бар: Мүйүздүү

[1] Айтматов Ч. В соавторстве с землею и водою. – Фрунзе: Кыргызстан, 1978. – С.263.

Бугу-Эне жөнүндөгү жомок жана өзүнүн реалдуу Ак кемеси тууралуу жомок. Ушинтип жөп-жөнөкөй, кадыресе эле башталган окуя ар кандай кырдаалдардын негизинде Баланын өлүмүнө, трагедиялуу жыйынтыкка келип такалды. Ч.Айтматовдун ушул повестин колго алганда эле адеп көзгө урунган өзгөчөлүк – баяндаган окуянын, койгон проблеманын башкачалыгы, айрыкча сюжет куруу ыкмасы.

Жазуучу жараткан көркөм дүйнөнүн мазмунуна сиңирилген проблемалардын философиялык, эстетикалык, нравалык маани-маңызын чагылдырууда өтөнчө кызмат аткарган сюжеттин мааниси тууралуу Ю.М.Лотмандын: "Сюжет – турмуш тууралуу ой-жүгүртүүдөгү эң күчтүү курал"[1], – деп айтканы абдан туура.

Эгерде ушул теориялык жол-жобонун негизинде карап көрсөк, анда сюжет Ч.Айтматовдун чыгармаларындагы бирден-бир негизги көркөм принциптерден экени ачык болот. Окуялардын драмалуулугу, каарманды ар тараптан ачып берүү чеберчилиги улам өргө карай өсүп, идеялык-эстетикалык жактан чыныгы, жогорку деңгээлдеги чыгарманын жаралышына эң ириде сюжеттик концепция өбөлгө болду. Концептуалдуу идеянын оригиналдуу сюжеттик түзүлүш аркылуу ишке ашырылышы – бул жазуучунун алгачкы аңгемелеринен башталып, улам кийинки чыгармаларында жаңы бийиктикке карай көтөрүлүп отурду.

Өзүнүн чыгармачылыгында сюжеттин маани-маңызы, анын кандайча пайда болуп, кандайча өзүнчө бүткөн бир бүтүндүккө айланары жөнүндө Сабиха Пынарга берген интервьюсунда жазуучу мындай дейт: " Ал негизинен алдын-ала ойлонуп келген ойлор болот. Анткени ар нерседен таасир аласың, бирөөдөн бир кеп угасың, кызык нерселер көрөсүң, күү тыңшайсың, талаа-түздө жүрөсүң, ойлоносуң. Ошентип ойлонуп, кыялданып жүрүп, өзүнчө бир сюжетке жетесиң. Ал сюжетте адамдар өзүнчө кыймылдап жүрүү керек, турмуштун өзүндөгүдөй алардын өздөрүнүн көздөгөн бир максаты, проблемасы болуш керек. Ушулардын бардыгы жыйналып келгенде жетилип, бышып, андан кийин кагазга түшөт. Анан ал толукталат. Чамамдын жетишинче кооздолуп, сыйдаланып жазылат. Менин түйганым ушул"[2], – деп айтат. Бул сөздөрдө Ч.Айтматовдун сюжет курууга кандай терең маани бергени, ошондой эле сюжеттик түзүлүштүн ар бир учуруна көңүл бөлүп, "кагазга түшкөнгө" чейин канча электен өтөрү жөнүндө айтылат.

Мына ушул маанида, адегенде жөн эле аңгеме катарында башталып,

---

[1] Лотман Ю.М. Статьи по типологии культуры. – Тарту, 1973.- С.40.

[2] Айтматов Ч. Аалам, дин, рух жана өзү жөнүндө // Мурас, 1991, № 5, 9-б.



анан жазуу процессинде бул чыгарманын повестке айланып кетиши баарынан мурда, "Ак кеме" повестинин сюжеттик концепциясында берилген трагедияга барып негизделет. Диссертациялык эмгекте дал ушул маселеге, "Ак кеме" повестинин сюжеттик концепциясын ачып көрсөтүүгө негизги көңүл бөлүнөт. Бул сюжеттик концепция – бул барып келип, Баланын образы.

Ч.Айтматов сүрөттөгөн адамдын жашоо-тагдыры, эзелки ата-бабанын салты, өткөндүн тарыхый сабагы, азыркы күндөгү турмуштук, социалдык проблемалар, адам жана табият маселеси, ушунун баары философиялык аспектте каралып, адамдын өзүнүн табиятын түшүнө билүү маселеси – "Ак кеме" повестинин сюжеттик ажырагыс, шиӊелишкен рухий маани-маңызы. Бул маани-маңыз элдик миф, легендада ишке ашат. Повестте баштан-аяк катышып сюжеттин түпкү оулагын түзгөн миф, элдик рухий уюткуну кайрадан жаратып, кайрадан трансформациялап, повесттин көркөмдүк системасында эң негизги "кыймылдаткыч күч" катарында кызмат аткарат. Автордун айтайын деген идеялык-эстетикалык концепциясы – эртеңкинин, келечектин туундусу. Турмуш чындыгынан жаралган, так айтканда, социалдык кырдаалдардын негизинде келип чыккан Момун менен Баланын трагедиялуу тагдырлары Бугу-Эненин "тагдыры" аркылуу туюнтулат. Адамды жакшылыкка, ак пейилдикке чакырып турган балалык абийир, балалык таза дүйнө, ошол балалык тунук абийирди сактап калуу идеясын б.а. адамдын өнүгүү тарыхындагы закон-ченемдүү көрүнүштү автор чыгарманын көркөмдүк жыйынтыгында өтө кылдаттык менен өзүнүн апогейине жеткирген.

Баланын образын жаратууда Ч.Айтматов сюжеттин ички өнүгүш өзөгүнө басым коюп, образды психологиялык жагдайда ачып көрсөткөндүгү тууралуу А.Акматалиевдин: "Чингиз Айтматов и взаимосвязь литератур"[1]– деген эмгегинде кенен айтылат. Турмуштун оор шартын көтөрүп, армандуу тагдырдын азап-тозогуна кабылганына карабай, Бала жакшылыкка карай үмүт-тилегин үзбөй, асыл ариетти, наркты унутуп таптабай, асылдыкка жан үрөп умтулуу менен бирге ата-баба салтын аздектеп сактап келди. Момун калк даанышмандыгынын кайталангыс өкүлү катарында өзүнүн акылы менен, салт-санаасы менен, акактай таза таалим-тарбиясы менен Баланы жакшылыкка ишендирип, анын келечекке болгон үмүт-тилегинин соолбой сакталышына, адамдык касиетти жоготпоосуна, миф-жомокко ишенип, андан рухий жактан

---

[1] Акматалиев А. Чингиз Айтматов и взаимосвязь литератур. – Бишкек: Адабият, 1991.

"азыктанышына" өзү үйрөтөт. Бирок өзү тарбиялап, Баланын аң-сезимине жадыбалдай жат кылып, сиңирип салган идеясынан акыр түбү өзү кайтып, натыйжада Баланын "убалына" калат.

Ошентип, Ч.Айтматов акырындап отуруп, ыраатуу түрдө повесттин негизги идеясына, сюжеттин психологиялык чегине, повесттин башкы, борбордук түйүнү, баарын бириктирип турган өзөгү Мүйүздүү Бугу-Эне жөнүндөгү легенданын сюжеттик чечилишине жакындайт.

Кыргыздар бугуну тотем катары көрүп, архаикалык көз карашында өздөрүн аны менен байланыштырып, аны айрыкча кадырлашкан. Байыркы түшүнүгүндө бугудан тарагандыз делип, түндүк кыргыздардын бир чоң уруусу бугу аталып, эл арасында ал жөнүндө көптөгөн мифтер сакталып келген. Көрүнүктүү этнограф Абрамзондун: "Бугу - байыркы түрк урууларынын негизги тотеми болгону белгилүү... Бул эттин келип чыгышы тууралуу элде белгилүү бир миф өкүм сүрөт"[1], - деп айтканы бекеринен эмес. Бирок бул жердеги өтө маанилүү учур, Мүйүздүү Бугу-Эненин образын жазуучу жөн гана эл оозундагы санжыра, легенда деңгээлинде эмес, байыркы мифтин түпкүрүндө, тереңинде жаткан символдук маанисинде пайдаланат.

Адабиятчы А.Садыков бул жөнүндө мындайча жазат: "Ал чыгарманын жалпы мазмунунан ажырап турган чоочун бөлүк эмес, сюжет жана каармандардын мүнөзүнө органикалык түрдө тутумдашкан, аны калтырып койсо композицияга доо кетип, ыдырап бузула турган өзүнчө бир татаал кубулуш"[2].

Повесттин сюжеттик өзгөрүп-өнүгүшү миф менен чындыктын куюлушкан жеринде, ата-бабанын байыркы мурасы талкаланган чекитинде кескин бурулушка келип такалат. Чоңдордун ой-дүйнөсүндө, ал турмак жасаган ишинде мифтин талкаланышына жол берилди, демек "жомок" ушуну менен бүттүбү?

Легенда - бул айтылган сөз, жөн гана жомок эмес, ал ата-бабанын тарыхы, өткөн өмүрдүн эстелиги, бабалардын мурасы. Бала ушул мурасты сактап, өзүнүн аялуу дүйнө-букмундай бапестеп, ага да жөн болбой, байыркы мурас бүгүнкү күндө да зарыл турмуштук чоң өбөлгө экенин эскертип жаткандай туюлат.

Ошентип, "үчөөнүн" - "үчөөгө" каршы күрөшү, кармашы апогейине жетти, акыркы чекити коюлду. Эки дүйнөнүн (пайдакечтик прагматизм жана романтикалуу идеал), эки адеп-ахлактык көз караштын, зомбулук менен адилеттүүлүктүн күрөшүндөгү чиеленишкен окуя сюжет-

[1] Абрамзон С.М. Киргизы и их этногенетические и историко-культурные связи. - Фрунзе: Кыргызстан, 1990. - С.298.

[2] Садыков А. Жетилүү сапарында. - Фрунзе:Кыргызстан, 1980. 131-б.



тик кульминацияга, эң өнүккөн бийиктикке жетти. Ошентип, сонун дүйнөнүн ыплас дүйнөгө каршылыгы - повесттеги кыймылдын негизги күчү, ички энергиясы.

Натыйжада баары бүттү, эми балык болуп сүзүп кетиш гана калды. Бул Ак кемеге жетүүнүн бирден-бир жолу. Момундун кыйрашы менен эски жомок, романтикалуу идеал кыйрады. Бирок түбөлүк идеалы, адамкерчилик, ак пейилдик идеалы кыйраган жок. Ал - Ак кеме. Ак кемеге жетүү керек.

Повесттин башында айтылгандай "Ак кеме жомогунун" аягы жок болчу, такыр жыйынтыктай албай, кандай аяктаса да чындыкка туура келбей, жомок чечилбей, финалы чыкпай келген. Мына эми чечилди. Баланын балык болуп сүзүп кетиши - жомоктун финалы.

Баланын идеалы, асылзаада, ажайып идеалы эски жомок менен кошо кыйраган жок, ал жаңы, экинчи жомокто, "Ак кеме" жомогунда уланат, Бала кыйраган эски идеал, эски жомогунун "кунун" алыш үчүн, аны жоготпой "сакташ" үчүн жаңы идеалга, келечектен күткөн жаркын ой-тилегине - "Ак кемеге" кетти. Турмушта ар кимдин аздектеген, көздөгөн, каалап-тилеген ыйык идеалы - Ак кемеси болуш керек. Повесттин түпкү, башкы мааниси мына ушунда.

Повесттин финалында берилген философияны америкалык адабиятчы С.Соучек мындайча белгилейт: "Бул жерде бир маанидеги жооп жок, оңой жеңиш, жакшы жана укмуш нерсе да жок, зомбулук жана бузуктук финалда бийлик кылгандай. "Советтик саясий жана көркөм стандартка туура келбеген мындай финал Айтматовдун чыгармаларына кыжыр кайнаган, жиндеңгендикти туудурду"[1]. Бул сөздөр - эч кандай саясаттешкан стандарттарга баш ийбеген, эркин айтылган сөздөр. Демек, алардын негизинде чындык жатат. "Ак кеме" повести жарык көргөн 1970-жылдарда жаралган чыгармалар чынында социалисттик реализм методунда, бактылуу балалыкты, өнүккөн социализм доорунун гүлдөгөн жактарын чагылдырып келсе, Ч.Айтматовдун бул схемадан, бул алкактан чыгып кетиши, кантсе да ушул принципте өнүгүп жаткан адабияттын ички процессинде күрдөөлдүү жылыштар жүрүп жатканынын ачык-айкын далили эле.

Диссертациянын экинчи главасы: "Эрте келген турналар" повести: эпикалык мотив жана сюжеттик структура"-деп аталат. Бул главада "Ак кеме" повестинде башталган балдардын оор тагдырын сүрөттөө "Эрте келген турналар" повестинде кандайча андан-ары тереңделип, улантылганы жөнүндө сөз болот. Ч.Айтматов бир эле проблемага, адам

[1] Соучек С. Национальный колорит и билингвизм в творчестве Ч.Айтматова. В кн.: "Джамили" до "Плахи".- Бишкек:Мектеп,1991.-С.21.

тагдыры проблемасына удаа эле кайра кайрылды, бирок кантсе да кийинки повесть биринчи повесттен таптакыр башкача, өзгөчө.

"Ак кемеде" Балага жомок менен реалдуу турмуштун айкалышкан жагдайында кездешсек, "Эрте келген турналарда" Султанмурат деген өспүрүмгө реалдуу турмушта Ата Мекендик согуштун кайнап турган учурунда, элет жерине согуштун оор азабы апкелген кыйын учурунда кездешебиз. Ошентип, бул повесттин окуясы, уюгу согуш мезгилиндеги майдандан алыскы кыргыз айлындагы турмуш, өспүрүм балдардын жашоосу, тагдыры женүндө.

Жазуучунун мурдагы чыгармаларындай эле бу жолу да адам согуш менен түздөн-түз кагылышууда эмес, кыйыр кагылышуу аркылуу көрсөтүлөт. Ч.Айтматовдун бир да чыгармасында биз согуш менен майдан талаасында кан төгүлгөн бетме-бет кармашта кезикпейбиз, окуя дейлик согуштан алыс бөлөк жерде өнүгөт, бирок мындан чыгарманын мааниси төмөндөп, негизги темадан четтеп кеткени байкалбайт. Согуштан алыскы кадыресе турмушту сүрөттөө менен жазуучу согуштун каардуу "жүзүн" ачып берүүгө толук жетишкен. Толгонай эгин талаасында, Жамийла эгин тарткан станцияда, Сейде алыскы айылда татаал тагдырлары менен көрүнсө, "Эрте келген турналар" повестинде өспүрүмдөр мектеп партасында, Аксайдын жазгы талаасында согуштан эстен кеткис сабак алышат.

Ушу ыңгайда өзүнүн повести женүндө автордун берген мүнөздөмөсү өтө маанилүү: "Менде адамдын, жаш өспүрүмдүн согуш менен кандайча кагылышкандыгын, айтуу талабы болгон. Ал коомдун бир бөлүкчөсү, демек, согуштун капшабы анын үлүшүнө да таандык, анын тагдырына да сөзсүз аралашат. Бул, биринчиден. Экинчиден, менин алдымда согуш канчалык кыйраткыч, бүлдүргүч болбосун, ал адамды адамдык касиетинен тайдыра албай тургандыгын көрсөтүү милдети болгон. Согуш турмуштун көндүм ыргагын бузат, багытын, түрүн, адамдардын өз ара мамилелерин өзгөртөт, материалдык пландагы жоготууларды, ачкачылыкты, жүрөк каарыган ызгаарды алып келет. Адамдарды катаал, ырайымсыз, жанкечти кылып өз жаны үчүн күрөшүүгө мажбур кылышы да мүмкүн. Эгер ушундай кырдаал пайда болсо, анда катаалдык терс түргө өтөт. Бирок так мына ушул учурда согуштун табиятына карама-каршы, анын кыйраткыч күчү менен эрегишкө чыккандай адам руханы бүр алат, ал жамандыктын изин кайтарүү, алсыздантуу үчүн өзүнүн адил коргону күчтөрүн ишке кийирет"[I].

---

[I] Айтматов Ч. Биз дүйнөнү жаңыртабыз, дүйнө бизди жаңыртат.- Фрунзе: Кыргызстан, 1988. 207-б.



Автор белгилеп өткөндөй, согуштун азап-тозогу, оор жүгү чоң адамдарга гана тиешелүү болбостон, өспүрүм балдардын үлүшүнө да туура келди, бели ката элек нарыстө балдар балалык дүйнөдөн алыстап, каардуу күндөрдү баштарынан кечирди. Адамдын чыныгы табигый сапатын түшүнө элек өспүрүмдүн турмушу аркылуу ачуу чындык ачылат, жазуучу койгон максатын жаш бала аркылуу ишке ашырат.

Ушул аспектиде караганда "Эрте келген турналар" жазуучунун кандайдыр бир автобиографиялык чыгармасындай туюлат, өмүрүнүн балалык курагы, өзү башынан өткөргөн кээ бир окуяларды "колдонуп", Шекер, Күркүрөөнүн боюнан алган турмуштук сабагы повестке "аралашып", жаңыдан калыптана баштаган жаштыгынын бир үзүмү камтылгак сыяктуу. Бирок бул чыгармасында автор өз өмүрүн гана чагылдыргандай көрүнгөнү менен повесть өзүнүн идеялык-көркөмдүк проблематикасы боюнча алда канча кеңири жана татаал.

Ошентип, жазуучунун "Башынан өткөндөрдү сүрөттөп жазгысы келген" ойлору повесттин жаралышына себеп болгону талашсыз. Адабиятчы-теоретик айткандай, чынында эле "Турмуштук окуя көркөм сюжетке түрткү берип, анын күчтүү пункту болуп калган"[I]. Согуш мезгилинде өз айлында сельсоветтин секретары, иниси Ильгиздин почточу болуп иштеши, Анатай, Мырзагүлдөр чыныгы турмуштагы классташтары экендиги, Инкамал Жолоевадан окугандыгы, көшчү балдар, Көк-Сайдагы, Арчакулдагы кош айдоо, жылкылардын жоголушу сыяктуу реалдуу окуялар сюжеттин негизине алынганы талашсыз, бирок бул эпизоддор "Эрте келген турналарды" автобиографиялык повесть деп атоого негиз болбойт.

Мындай болгондун эң негизги себеби: повесттин сюжеттик концепциясына байланыштуу.

Повесттин сюжеттик өнүгүшү жазуучунун чыгармачылыгына мүнөздүү болбогон жайбаракаттык менен, кандайдыр бир башкача ыргакта өнүгөт. Улам-улам кайталанган рефрен кандайдыр бир туңгуюк "атмосфера" жаратса да, ошондой эле кандайдыр бир психологиялык чыңалыш жаратса да, сюжет жайма-жай өсүп, негизги окуялар күнүмдүк турмуш-тиричиликтин айланасынан алыстабайт. Бирок сюжеттин мындай жай-баракат өнүгүшү повесттин мазмундук деңгээлин түшүрүп, тескери нукка содарып салбайт. Тескерисинче, дал ушундай жай-баракат ыраатуулук психологизмдин улам тереңдеп, чыңалышын шарттайт. "Эрте келген турналарда" миф жок, анын ордуна эпикалык мотив

---

[I] Добин Е.С. Жизненный материал и художественный сюжет. - Л.: Советский писатель, 1956.- С.57.

орун алган. Мурдагы чыгармаларында миф, жомок-легенда, уламыштарды колдонуп, мифологиянын тажрыйбасын, маданиятын, көркөм байлыгын чыгармаларына сиңирип, эстетикалык, философиялык маани киргизген жазуучу, бул чыгармасында мифти дээрлик колдонбойт. Көп улуттуу совет адабиятынын көркөм бийиктигине айланган "Жаныбарым, Гүлсары", "Ак кеме" повесттеринде миф-уламыштар кандай колдонулуп, чоң чыгармачыл ийгиликке жетишкендиги адабий дүйнөгө кеңири маалым. Мифологиялык салт сюжеттик өзөгүн түзгөн "Ак кеме" повестине удаа эле жарыкка чыккан "Эрте келген турналар" повестинде мифтин орун албай калышы бир караганда таңкалыштуу.

Бирок бул повестте эпикалык мотив сюжеттин бүтүндөй тулкубоюнда каармандны коштоп жүрөт. Ошого жараша чыгарманын маанимаңызы эпикалык доошко жакындап, байыркы уламышка караганда, эпостук маанайга биригет. Ошентип, жалпылап мүнөздөгөндө, мейли миф, мейли эпикалык мотив болсун, жазуучунун сыйкырдуу калеминен алар кайра жаралып, чыгарманын ой-максатынын ишке ашышына, эңсеген бийиктигине жетишине түздөн-түз кийлигишип, шарттап турат. Эпикалуулук менен сюжеттик мотивдер повестте кадимки реалдуу турмуштук көрүнүштөрдү кубултуп, көркөмдөп, ишенимдүү маанайда чагылтып көрсөтөт. Кыйын учурда калыптанган, адамдын рухун, күч-кубатын улуу ишке, зор үмүткө жумшап, алгачкы сүйүүсүн жанталаша коргой билген Султанмураттын образынын ажайып, кооз, философиялык маанайда чагылтылышы – эпикалык мотивдин натыйжасы. Ч.Айтматов өзү жазгандай: "Көркөм чыгармачылыкта башка нерсе – адам руханы, анын күчү жана касиети экенин мен улуу эпикалык чыгармалар да бекемдейт го деп ойлоймун. Баарыдан мына ушуну таанууу жана ачуу маанилүү ... Аларда түбөлүк көөнөргүс адам руханы бар"[I].

Кийин мезгилдеги турмуштук майда деталдардан баштап, ар түркүн кыйчалыштарды камтып, жашоонун кадырсеө көрүнүшүнө ылайык кырдаалдарды сүрөттөп, аларды эстетикалык, психологиялык жактан бийик көркөмдүк маанайда чагылткан Ч.Айтматовдун бул эмгеги – өмүр-өлүм, жашоо-тагдыр жөнүндөгү эпикалык баян. Турмуштук драманын чыңалган чегинде, Султанмурат бар болгон нерсесинин баарынан айрылып, айласы куруп турганда да көздөгөн максатынан тайбай, күрөшүн улантып, жеңилбеске аракет кылат, бу да болсо балалыктын ажардуу дүйнөсүнүн табигый тазалыгы. Кара ниет, кир дүйнө менен

---

[I] Айтматов Ч. Биз дүйнөнү жаңыртабыз, дүйнө бизди жаңыртат.– Фрунзе: Кыргызстан, 1988. 150-б.



келишпеген адилдик, ар кандай катаалдыкка баш ийбеген рухий жактан аруулук, дал ушулар адам руханынын касиетин бийик деңгээлге көтөрүп чыгат. Автор алыстагы согуштун каары жөнүндө баяндап гана тим болбостон, ошо оор мезгилдеги адам тагдырын сүрөттөгөндө эпоско кайрылып, эпостук ыргак – доошто, каармандарын эпостук баатырлардай сүрөттөйт. Тексттен кезиккен "Манастын өзүндөй", "Манастын чоролору", "Манастын тулпары" сыяктуу салыштыруулар эпостун көчүрмөсү, түздөн-түз кайталоосу эмес, эпостук дооштун жаңылнышы, трансформациясы, туңгуюк, чарчаткан кыйын абалда турса да жакшылык күндүн келерин көтөрүңкү маанайда чыдамсыздык менен күткөн өспүрүмдөрдүн рухий дүйнөсүнүн бийик ишеniminин белгиси. Улам-улам кайталанган рефрен капсалеңдуу окуянын жакындап келатканын күчөтүп, чыңап гана турбастан, турмушта мындан да өткөн ачуу чындык болорун белгилеген ачык символдой кызмат аткарат. Композициялык-структуралык түзүлүшү өзгөчөлөнгөн, мифтин көркөм тажрыйбасын "аттап" өтүп, бирок таптакыр сыртка чыгарып таштабаган бул повестте фольклордун рухий, өрнөктүү салттары , эстетикалык маданияты сюжеттин тулку-боюн аралап өтүп, реалдуу дүйнөнүн жамандык-жакшылыгын, зулумдук-ак пейилдигин, зөөкүрлүк-назиктигин, ыпластыгын-сулуулугун, аруулугун туюнтуп, көркөм адабиятта кайталангыс көркөм ачылгасы менен өз ордун тапты.

Кыргыз эли турмуштагы ыйык көрүнүштөрдүн баарын "Манас" эпосуна байланыштырып, Манаска салыштырып келгени бекеринен эмес. Дүйнө маданияты, дүйнөгө атагы кеткен шедеврлер мифологиядан, байыркы аңыз-уламыштардан күч алып, ага таянып келишсе, кыргыз элинин таянган тоосу, рухий байлыгынын туу чокусу – "Манас" эпосу. Калк эзелтен бери көөнөрбөс көркөм мурасынын нө бир укмуш дүйнөсүнөн дем-күч, таалим алып, эң бир сонун, касиеттүү, ыйык туткан нерселеринин баарын "Манаска" таяшып, таазим кылып келишкен, атын кастарлап, жөнөкөй кишиге ыраа көрбөй, ыйык тутуп, туш келди, "Манас" деп ат коюшкандан тартынышкан.

Ал эми "Эрте келген турналар" повестинде эпикалык мотив кеңири колдонулуп, кыйын учурдун маанайын, согуш учурундагы кыргыз айылын, өспүрүмдөрдүн татаал абалын, кайрат чыдамын, өспүрүмдүк мезгилин, куйүт-азабын, оор тагдырын чагылткан баянды жалпы адамзаттык мааниси бар деңгээлге алып чыгат, бул идеяны кеңири масштабда карап, адамдын өмүр жолу жөнүндөгү түбөлүктүү темanын бүтпөстүгүн, өмүр эч качан бүтпөстүгүн далилдейт.

Диссертациянын ушул бөлүмүндө "Эрте келген турналардын" сю-

жеттик өнүгүш бөтөнчөлүгүн, ага байланыштуу Султанмураттын образын талдоого кеңири орун берилет. Мындай караганда Султанмураттын Мырзагүлгө болгон биринчи сүйүүсү, келечек тилеги Чабдардын өлүмү менен кошо өчкөндөй. Чынында, аттардан айрылуу - эң чоң жоготуу, эң чоң кыйроо эле. Бийик максатын, келечектен күткөн орошон дүйнөсүн адам-карышкырлар биротоло тебелеп-тепсеп салышты. Тилеги, Чабдарга байланышкан ою, айылга салтанат менен баруу үмүтү, өмүр-тагдырынын эң кызык, эң баалуу өспүрүм курагы, жеңиш үчүн арналган эмгеги, салтанаттуу күндү күтүшү, жаңы бүчүр ачкан сүйүүсү акыркы жолу Аксайдын караңгы түнүндө, Чабдардын өлүмү менен биротоло талкаланды. Жаш баланын өмүрүн азаптуу жыйынтыктап, тагдырын татаал трагедияга киришкен кылган "караңгы түндө учкан ок" табият мыйзамын, жашоо жалаң жакшылык, ак ниеттик, кыялга бай балалык курак болбостон, кара ниеттик өз өкүмүн кошо жүргүзөрүн көрсөттү. Сюжеттин лейтмотиви болгон "ал күндөр жакындап келатты" деген эпикалык-рефрен адамдын өмүр-тагдырынын арман-азаптан арылбаган кейгейлүү жашоосунда, айрыкча кийин мезгилде ар адамдын келечек тагдыр үчүн кам көрүүсү ар кимдин өз жүзүн ачарын, кимдин-ким экендигин мезгил көрсөтөрүн далилдеди.

Ч.Айтматовдун чыгармачылыгындагы башкалардан бөлүнүп турган өзгөчөлүгү - кадимки турмуштан алган материалдан, адегенде эч сюжет чыкпоочудай, бир өңчөй, окшош, маанызы жоктой көрүнгөн кадыресе окуядан өтө кызыктуу, олуттуу ой-жыйынтыгы бар сюжетти, көркөм образды түзө алат. Мына ушул сапаты бул повестти алдыңкы деңгээлге чыгарып отурат.

Реалдуу каракчы сюжеттик өнүгүштө кадимки карышкырга айланып, өз энчисин адамдан тартып алууга камданды. Султанмурат каракчыдан бир жолу жеңилди, жеңилүү ызасын көтөрдү, эми экинчи жолу жеңилбейт, кимге болсо да жеңдирбейт, кандай оор, кыйын кармаш болсо да жалтайлабастан, каршы чыгат, бу жолу мейли жырткычпы, мейли адамбы, душманына каршы сөзсүз күрөшөт. Повесттин сюжеттик ички кыймылы да ушул идеянын улам өсүп-өнүгүшү менен тыгыз байланышкан. Ошондуктан чыныгы карышкыр менен кармашуу керек, анын адам карышкырлардан айырмасы жок, түнкү урууларга, адам-карышкырларга аттарды тарттырып жиберди, атасынын атынан, "тулпарынан" айрылды, эми анын өлүгүн да карышкырга ыраа көрбөйт. Азыр Султанмураттын көңүлүндө бир гана ой - Чабдардын өлүгүн карышкырга тарттырып жибербөө, кара ниеттик, зулумдук менен кездешкен биринчи жолку сабагы бекер кетпөө керек.



Султанмураттын акыркы чечкиндүү чечимге келиши, карышкыр-каракчыны жеңүүгө жасаган аракети, күрөшү сюжеттик өзөктүн эң бийик чекити. Согуш мезгилиндеги кыргыз айлындагы окуя, өспүрүмдөрдүн иш-аракеттери, өлгөн атынын жанында, колунда жүгөндөн бөлөк куралы жок туруп, Султанмураттын карышкырдан коркпой, күрөшүүгө даяр турушу - жаш баланын зулумдукка, кара ниеттикке каршы аянбай күрөшүү керектигин түшүнүүсү, эми тынч, моюн сунуп жатып калууга болбостугун сезиши, адилетсиздик менен эми келише албай зордук-зомбулукка каршы чечкиндүү кадам жасашы - бул сюжеттин чечилиши, апогейи.

Каракчы-карышкыр менен каракчы адам экөөнүн параллель коюлуп сүрөттөлүшү, повесттин эмоционалдуулугун арттырып, адам жырткычтын чыныгы жырткычтын кебетесине окшоштурулган метафорадан, зулумдуктун белгилери даана көрүнөт.

Улам күч алып, улам жаңы көркөмдүк касиети артып отурган каармандын жаралышын, өмүр-тагдырын, кыйын сыноо алдындагы оор сабакты көтөрө алган адамдык сапаты, зомбулукту жок кылууга каршы күрөшүүгө бет алышы повесттин философиялык, нравалык, моралдык негизин түзөт. Адам баласынын жаралыш, өсүшү, тагдырынын турмуштук сыноолордо бекип, курчушу да эпикалык маани-маңыздын таасиринде күчөтүлүп, кульминациялык чегине жетет. Султанмурат Манастын чоролорундай эле эч нерседен тайманган жок, согушка катышып, эрдик көрсөтпөсө да, иши, аракети, ар бир кадамы баатырдыкка тете. Турмуш сыноосу адамдын адамдык сапатын, чыныгы жүзүн ачып, оң-терс өзгөчөлүктөрүн көрсөтүү менен бирге, улуу сыноодо жетилген өспүрүмдүн адилеттүүлүк үчүн тайманбай күрөшкөн эр жүрөктүүлүгүн, кара ниеттикке каршы, жалтанбай күрөшүүсүн чагылтуу - Ч.Айтматовдун негизги максаты.

Бир айылдагы окуяны сүрөттөөдө Айтматов адам мүнөзүнүн өзгөрүшүнө согуштун тийгизген таасири, адамдын бүт күчү жеңиш үчүн күрөшүүгө, эмгектенүүгө жумшалгандыгын айта алган. Эмгекти көрсөтүүгө арналган турмуштук окуя, конфликт, персонаждардын ички системасы жана сөз каражаттардын орундуу коюлушу автордун сюжеттик структураны уюштура билген ийгилигин айгинелейт.

Жыйынтыктап айтканда, философиялык ойго толгон "Эрте келген турналар" доордун учурдагы актуалдуу проблемасын борборго коюп, адамды изилдөөдө психологизмге көңүл буруп, буга чейинки чыгармаларындагы өзгөчө маанайда жаралып, жекече жүзү таанылган Танабай, Толгонай, Жамийлаларга ой-санаасы жакшылыкка умтулган, адилет тилеги бар өспүрүм Султанмуратты кошту.

Диссертациянын үчүнчү главасында "Деңиз бойлой жорткон Ала-Дөбөт" повестиндеги миф жана сюжеттик шарттуулук проблемасы каралат. Ч.Айтматовдун "Ак кеме", "Эрте келген турналар", "Деңиз бойлой жорткон Ала-Дөбөт" повесттери белгилүү бир проблеманы улап тургандыгы ачык болуп турса да, бул чыгармалардын сюжеттик өзөгүн аңтарып көргөндө үчөө үч башка мезгилди, үч башка окуяны камтыганы, "Ак кемедеги" Баланын токой кордонундагы, "Эрте келген турналарда" Султанмураттын согуш учурундагы алыскы айылдагы, ал эми "Деңиз бойлой жорткон Ала-Дөбөттөгү" баш каарман Кирисктин улуу деңиздеги, улуу тумандагы өмүр-тагдыры сүрөттөлгөнү белгилүү болот. Ошого карабастан бул повесттер өзүнчө бүткөн бир ойду билдирет, ал ой бул дүйнөдөгү эң башкы кооөнөрбөс нерсе – адам, адам рухану, адам тагдыры. "Деңиз бойлой жорткон Ала-Дөбөт" повестинде кыргыз адабиятына дегеле тааныш эмес, алыскы деңиз жээгиндеги нивхи элинин турмушу чагылдырылат. Мында миф жана легендага кеңири орун берилип, өзүнчө бир күтүлбөгөндөй окуя сүрөттөлөт. Сүрөттөлгөн окуянын, турмуштук кырдаалдын күтүлбөгөндөй өзгөчөлүгү бул повести жанрдык көнүмүш стереотиптердин алкагынан "алып чыгат". Повесттин жанрдык өзгөчөлүгүн аныктоого аракет кылган адабиятчылар бири лирика-философиялык (Руденко), бири символико-аллегориялык (Лайлиева), бири философия-драмалык (Садыков) – дешип ар түрдүү мүнөздөшүп, ар башкача мамиле жасап келишти. Диссертациянын бул бөлүмүндө мүмкүн болушунча ушул чыгарманын жанрдык бөтөнчөлүгүн ачууга аракет жасалып, көңүл борбору сюжеттик структурага бурулат.

Повесть көп кырдуу: Сюжетте алыскы Охот деңизинин жээгинде өмүр сүрүшкөн нивхи элинин өткөн турмушу тууралуу баяндалат. Анда ал элдин салты, турмуш жагдайы, күнүмдүк көр тирлиги, жалпы адамзаттык мааниге татырлык нравалык-философиясы жөнүндө да кеңири кабар берилет.

Ч.Айтматов бул повестинде мифтик-фольклордук традицияны пайдалануу натыйжасында өзүнүн чыгармачылыгынын эң башкы проблемасы – адам проблемасын иликтейт. "Художественно-творящая форма оформляет прежде всего человека, а мир – лишь как мир человека, или непосредственно его очеловечивая, оживляя, или приводя в столь непосредственную ценностью связь с человеком, что он теряет рядом с ним свою ценностную самостоятельность, становится только моментом ценности человеческой жизни"[I], – деп жазат М.Бахтин. Көркөм

[I] Бахтин М. Вопросы литературы и эстетики. – М.: Художественная литература, I975. – С.75.



адабияттын белгилүү теоретиги жана тарыхчысы М.Бахтиндин теориялык жобосу Ч.Айтматовдун дал ушул повестинин тажрыйбасында өтө ачык көрүнөт.

"Деңиз бойлой жорткон Ала-Дөбөт" повестинин бирден-бир көркөмдүк өзгөчөлүгү мында: повесттин сюжетинде берилген кадыресе окуя өзүнүн драмалык өнүгүшүндө мифтен өзөк алып, уламыш окуяларды коштоп жүрүп отурат, ошондуктан мифти сюжеттен алып салууга мүмкүн эмес. Бул экөө жуурулушуп, биригишип, автордун оюн улам тереңдетип отурат. Мифтин чоочун, бөлөк нерседей болбой андан ары уланып, сүрөттөлгөн сайын окуянын татаалдыгынан кабарлап, маани-идеясын тереңдетүүгө өбөлгө түзөт.

Философтор бул тууралуу мындай дешет: "Миф – көп катмарлуу жана көп маанилүү түзүлүш"[I]. Ошентип, байыртадан бери келаткан ушул нарктуу аңыз-насил жазуучунун көз карашын улам тереңдетип, чыгармачыл максатын ишке ашырууда канатташ болду.

"Деңиз бойлой жорткон Ала-Дөбөт" Кирисктин деңиз аңчылыгына биринчи жолу чыгуусу менен башталат, бул – ошону менен бирге жаш баланын ойноо балалык дүйнө менен коштошуп, мындан аркы бүт жашоо-өмүрү мергенчилик менен өтчү турмушунун да башталышы. Сюжеттик экспозицияда Кирисктин чоң адамдарга аралашып, ата кесибин үйрөнө башташы, ошондой эле нивхи элинин Лувр өрдөк жөнүндөгү легендасы орун алган. Жердин жаралышы жөнүндөгү миф, башаягы билинбеген океандын стихиясы, буга баланын дал келиши, бирге болушу повесттин окуясы менен проблемасынын татаалдыгын айгинелейт.

Нивхи эли жөнүндөгү тарыхый ретроспекция менен фольклордук мифология катар келген бул сюжеттик түзүлүштө азыркы доор жөнүндө ой-жүгүртүү адамзаттык тагдыр жөнүндөгү маселеге айланып глобалдык мааниге өтөт.

Сюжеттин дагы бир өзгөчөлүгү автор сүрөттөлүп жаткан окуя качан, кайсы мезгилде болуп жатканы жөнүндө "унутуп" калгандай, дегеле ооз ачпайт. Жылдызга, шамалга карап багытты, убакытты белгилөө, болжолдоо, көпөстөрдөн сатып алган аябагандай кымбат букму винчестер мылтыктары ж.б. байыркы турмуштун, элдик каада-салттын катмарларынан сүрөттөлгөн доору байкалат. Ошентип, жазуучу нивхи элинин өткөн турмушуна кайрылып, тарыхка ретроспекция

[I] Богомолов А.С. Ойзерман Т.И. Основы теории историко-философского процесса. – М.: Наука, I983. – С.95.

жасайт. Бирок чыгарманын маани-маңызы, көтөргөн проблемасы, философиялык ой-толгоосу азыркы күндүн эң актуалдуу маселелеринен ой-толгоп, сөз козгоп, жаңыча көз караштарды камтыйт.

Эски доордун элинин оор кесиби, кыйын кыстоону көтөргөн жашоосу, келечек үчүн күрөшү көркөм картинада ар тараптуу чагылтылып, өткөн доор менен азыркы доордун ортосундагы мезгил жана мейкиндик аралыкты коштоп, учурдун талабын сездирип турат. Окуянын башталышында деңиз аңчылыгынын түйшүктүү кесибин эртерээк үйрөнүп, камыга берүүсүн тилеп, укумдан-тукумга уланган ата кесибин улантуу салтына ылайык аңчылар жаш баланы аңчылыкка алып чыгышат.

Балалык дүйнөдө апасын, жерди, Ала-Дөбөттү сагынып, араң отурган Кириск бул "бәләэни" биринчи көрдү, арка жактан шумдуктуудай болуп, баарын чылк каптап, карарган бир нерсе келе жатат, жаңагы арал деп ойлогон караан окшойт. Бая токтолуп, бир жерде тургандай көрүнгөн, азыр уламдан-улам жайылып, көбөйүп, алдыга жутунуп келе жатат, ушунчалык тездеп, беркилер карагыча үлгүртпөдү. Ал аңгыча болбой күркүрөп-шаркырап куду араанын ачкан желмогуздай зор толкун жетип, анын артынан туман басты, жылчыгы жок, капкара, муздак, оор туман басты, тынбай көнөктөп куюп чаба жааган жамгыр, кайыкты ары-бери айдаган тоодой толкун, ыргытып, каарын чачкан шамал, буркан-шаркан түшүп алдууттанган деңизде, кылтылдап араң турган кайыкта калган төртөө туңгуюк дүйнөгө киргендей бирин-бири көрө албай өлүү дүйнөдө калышты.

Асиресе, Кирисктин тагдыры жылчыксыз көр дүйнөдө тумчугуп, аргасы түгөнгөн кыйчалыш жолдо ого бетер татаалданып, каардуу күндүн капшабында, өмүр менен өлүмдүн кармашкан учурун башынан кечирип, эң оор абалга туш болуп отурат. Эми гана өсүп келе жаткан наристе баланын тагдырынын армандуу жаралып, жашына жете электе эле кейиштүү жагдайга кезигиши, ойно балалыктан каардуу мезгилге түз өтүшү өтө аянычтуу. Жазуучу ушул тагдыр аркылуу жалпы адамзаттын жашоо-турмушуна тиешелүү маселелерди козгоп, адамдын табияттын стихиясына каршы үмүтсүз күрөшү менен өмүр жана өлүмдүн философиясын айтып келип, турмуш тиричиликтин реалдуу жүзүн ачууга аракеттенген , бир нече күндүн ичиндеги аңчылардын жашоосундагы маанилүү кырдаал автордун чымыркангы, изденгич күчүнүн аркасында ишенимдүү маанайда чагылтылган.

Биринин аркасынан бири кеткен оор учурдун баарынан кыйыны Эмрайындики болду, бир жагынан ээн туманга, тагдырдын татаал кезине таштап кетери кара чечекей уулу, бир жагынан табият үмүтүн



актайбы же баласы, тукуму курут болобу, эки аяны ойдун ортосунда канчылып, оюнун аягына чыга албайт. Куру үмүттө ырайым болуп, балам аман калар, тирүү жээкке жеткиси бардыр, же жалгыз жатып өлөбү деп, тумандын катаал койнуна кичине баласын жалгыз таштап кете албай, же андан башка жол жок, каршылашар алы калбай, баш ийип, бүт өмүрүн, жашоосун улантkan уулу деп, бул дүйнөдөн кечип, айтар сөзүн айта албастан, жан кейиткен кыйын мүнөттөрдө көңүлүн ээген көп ойлорун уулуна жеткире албай, арманы ичинде өмүрүнүн чегине жакындап баратты.

Автор койгон проблемасын Г.Меликянц менен болгон пикирлешүүсүндө: "Кыйынтыкта азыр биз оор мезгилде жашап жатабыз. Орто Азия регионунда өтө оор абал түзүлгөн, бул жерден көрүнө эле тыюу салынган ар түрдүү нерселер (табу) улуттук сыймыкты туура эмес түшүнүү, унчукпай коюу, эки жүздүүлүк, жалган даңктын аркасынан кубалоо картинасын көрсө болот"[1], - деп замандын туура эмес абалда өнүгүп жатканын ачык көрсөтүп берет.

Ч.Айтматовдун жазуу чеберчилиги, күчтүү таланты реалдуу турмуштагы окуяларды түркүн-түскө кубултуп, жандандырып, бул дүйнөнүн азаптуу жашоосундагы кайгы-капага чектүргөн санаалардан арылтып, адам тагдырынын ишенген, ыйык сактаган, өмүр бою коштоп жүргөн ажайып идеал максат-тилектери үчүн жашаган соңун учурга өзгөртүп жиберет. Мына ушундай кырдаал "Ала-Дөбөттүн" сюжеттик өнүгүшүндө да орун алып, сүрөттөгөн окуясын символдоштуруп, өзүнө эрксиз тартып алган көркөм дүйнөгө айландырган. Тукумдун уланыш үчүн өлүмгө аттанган каармандар өлбөстөн, тескерисинче түбөлүктүүлүккө айланып ордун табат. Көркөм шарттуулуктун ушундайча колдонулушу жөнүндө К.Артыкбаев: "Акыйкат сабагы"[2] - деген эмгегинде кеңири токтолот.

Автор бул повесттин эң жакшы чыгармам деп башка чыгармаларынан артык көрүп, айтайын деген оюнун ишке ашканынан кабарлашы бекеринен эмес. Реалдуулук, мифология биринен-бирине өтүп, мифтик образ чындыкка айланып, чындык миф менен аралашып, психологиялык бурулуш, философиялык ой-толгоо, өткөнгө, келечекке көз жүгүртүү, жансыз тумандын шумдуктуу образы сүрөттөлгөн повестте айласыз абалдагы нивхи аңчыларынын баатырдык иштери, акыр түбү түбөлүктүүлүккө айланып, жаш баланын өмүрүн сактап калганы философия-эстетикалык маанайда өтө кылдат чагылдырылат.

---

[1] Меликянц Г. Потребность в новом видении мира. В кн.: У истории черновиков не бывает. - М.: Известия, 1990. - С.39.

[2] Артыкбаев К. Акыйкат сабагы. - Бишкек: Адабият, 1991.

"Ак кеме", "Эрте келген турналарда" башталган көркөм ачылга "Ала-Дөбөттө" андан-ары тереңдетилип, жазуучунун чымырканган изденүүсүндө балалыкка кайрылуу проблемасын, идеясын тийиштүү деңгээлге көтөрүп чыгышына жана турмуш акыйкатын ачык, даана сүрөттөөдөгү зор ниетин ишке ашырууда олуттуу чыгармачыл этапты түздү.

Балдар дүйнөсү жаңычыл образ, башкаларды туурабаган сюжеттик түзүлүшү менен айырмаланып, үчөөндө үч башка турмуш өкүм сүрүп, коомдун жалпы адамзаттык орчундуу проблемаларынан козгоп, сюжеттин көркөмдүк функциясы турмуштун улам жаңы жагын, улам терең жагын реалдуу түрдө баяндап, кеокин бурулуштарды ачып берди.

Корутунду. Ч.Айтматовдун үч повесттин, атап айтканда "Ак кеме", "Эрте келген турналар", "Деңиз бойлой жорткон Ала-Дөбөт" повесттерин атайы бөлүп кароо негизинде бул чыгармалардын сюжеттик проблемасына байланыштуу төмөнкүдөй жыйынтыктарга келдик.

Ч.Айтматовдун чыгармаларынын көркөм структурасын бардык жагынан кылдат изилдөө – эң ириде сюжет маселесине байланыштуу. Анткени, жазуучу жараткан сюжеттик система – жөн гана тизмектешкен окуя, кокустук кагылыш эмес, анда концепциялуу ой-корутунду өкүм сүрөт, турмуштук окуяларды, кырдаалдарды бириктирген, укмдаштырылган сюжеттик түзүлүш, өзүнүн логикасы менен айырмаланып турган бир бүтүндүк.

"Сюжет – бул образдуу баяндоодогу окурмандын жандуу ыраттуулугу"[I] – деп, Поспелов айткандай, сюжет турмуштун өзүндө шартталат.

Мисалы: "Ак кеменин" сюжетин турмуштун өзү айтып берди. Тагыраак айтканда, жазуучу уккан аңгеме кандайдыр бир турмуштук жагдай-шарт менен айкалышып өзүнчө бир трагедиялык мотивге айланды. Сюжеттин түзүлүшүндө жазуучу уккан окуя менен реалдуу социалдык шартты данакерлеген, бириктирген, кантсе да байыркы мифсанжыра болду.

Сюжет мүнөздү ачуудан башталат, б.а. башкы каармандын ички мүнөзү сюжетке жараша түзүлөт. Ч.Айтматовдун повесттеринин сюжети мүнөздөрдүн кагылышы, адам турмушундагы, тагдырындагы урунттуу учурлар, коллизия, кайчы пикирлер ж.б. жашоодогу жагдай-абал каармандарга ширетилип, аракеттенип, кыймылдайт, өсөт, жыйынтыгында мунун баары ачыкка чыгат. Бирок автор окуялардын жөн-жай эле тизмегин бере бербейт, ар бир окуя каармандын тагдырына гана байланыштуу кырдаалдан башталат. Ошентип, сюжеттин турмуштук кырдаал

I Поспелов Г.А. Теория литературы. – М.: Учпедгиз, 1940.– С.165.



менен байланышын, реалдуу турмуштагы чындыктын көркөм дүйнөгө айланышын жазуучу жеткиликтүү түрдө ишенимдүү көрсөткөн.

"Ак кеме" повестинин сюжеттик концепциясы" аттуу биринчи главада жазуучунун идеялык проблемасын, койгон маселесин ачууга конкреттүү талдоонун негизинде колдон келишинче аракет жасалды. Ч.Айтматов социалдык, нравалык, руханий жашоонун татаал жолдо баратканын жазбай таанып, анын ички катмарларын ачып көрсөтүүнү сюжеттин негизине коет. Бул үчүн ал реалдуу окуяларды жана жандуу адамдардын тагдырын мифологиялык сюжетке айкалыштырат. Фабуланын чиеленишине Баланын, болгондо да мектепке жаңыдан барган Баланын тагдырын сүрөттөөгө кайрылат. Турмуштагы идеалдардын эң ыйыгы – балалык таза дүйнө, анан ошол таза булакты булгабай, "чаап" таштабай кайра өнүктүрүп-өстүрүп, барктаганга адамзат түрткү болбосо, акыры ал урап жок болууга учурайт. Чыгарманын идеялык-эстетикалык, философиялык ой-толгоосу, негизги жыйынтыгы дал ушундай. Автор бул ажайып идеалды сүрөттөп ишке ашырууда реалдуу турмуш менен мифологиялык дүйнөнү устаттык менен көркөм параллель коюп, ушул параллель аркылуу трагедиялык кырдаалды жаратууга жетишкен.

Ч.Айтматов "Эрте келген турналар" повестинде чоң турмушка жаңы аралаша баштаган өспүрүмдүн өмүр-тагдырынан сөз козгоп, жашоодон тапкан бактысы, сыноодон, чындыктан сабак алган турмуштун философиялык, психологиялык негизде баяндайт. Бул повестте адамдын рухий байлык менен жашоонун эң башкы максатын түшүнө билүү проблемасы козголгон. Автор бул чыгармасында жаш өспүрүмдөрдү эпостук каармандарга, иштеген иштерин баатырдык иштерге салыштырып, теңейт, а сюжеттин негизи, окуянын өсүшү эпикалык рефрен менен коштолот жана ошол рефрен өз чекитине келип жеткенде окуя чечилет. Рефрен кайталоодо абалдын күрчүп, чыңалып баратканы кайталанат, ушундай маанайдагы сюжеттик өнүгүүдө баары тең ченөлчөм менен так жана таамай жазылган. "Эрте келген турналарда" жазуучу окуялардын конкреттүү системасын сунуш кылып, жаш каармандардын өз ара мамилесинин жана аракетинин негизинде алардын жекече мүнөзүн ачкан. Согуш темасын сүрөттөө менен табияттагы карама-каршы эки күчтүн кармашын, адамда – адамдык сапат канчалык жогору болсо, ал ошончолук руханы күчтүү, таза, жөнөкөй адам, автор так ушуну ачуу иретинде ак менен каранын, жакшылык менен жамандыктын турмуштагы күрөшүн көрсөткөн. Повесттин сюжеттик

структурасы рухий сапатты, болгондо да жаңыдан баш алган балалыктагы бүчүр көзин чагылдыруу идеясы менен ар кандай учурда, турмуштук кыйын, оор окуяларда бүрдөгөн бийик, асыл касиет жеңүүдө байкалат. Турмуштук коллизия адамдагы жаңыдан түптөлгөн асыл сапат окуялардын ырааттуу жайгашышы жана күтүүсүз кагылыштары аркылуу түз ачылган.

Экинчи, повесттин сюжеттик түзүлүшү сүйүү менен биринчи жолу кезиккен, турмуштун жакшы жагын гана көргөн Султанмурат дүйнөдө жашоо-турмушта ак пейил, таза сезимдер гана болбостон, зулумдук, таш боордук, ипластык да бар экендигин сезишин, зулумдук менен кездешүүсүн жана кара ниеттикке каршы чечкиндүү кадам жасашын автор ишенимдүү түрдө сүрөттөйт.

Диссертациянын үчүнчү главасында "Деңиз бойлой жорткон Ала-Дөбөт" повестинин сюжеттик өзгөчөлүгү талдоого алынды. Бул повесттин сюжетинде алыскы Охот деңизинин жээгинде өмүр сүрүшкөн нивх элинин өткөн турмушу тууралуу баяндалат, бирок борбордук окуя азыркы күндүн проблемасын, маселесин чагылдырууга басым коет да, азыркы учурдун адабиятына мифтик-фольклордук традицияны пайдаланып келип, эң башкы проблема – адам проблемасын койгон.

Адам проблемасы бул дүйнөнүн түбөлүктүү түйүнмасындай атам замандан азыркы өнүккөн эволюциясына чейинки аралыкта адам тагдырына туш келген кыйынчылыкты кантип жеңет жана өз өмүрүнүн маңызын эмнеден көрөт, ушул сыяктуу маселелер кеңири борборун ээлеп келген адам өмүрү, табият, түбөлүктүүлүк алдында адам наркынын чеги, адамдын келечек үчүн күрөшү – элди сактап калуу, тукумдун, улуттун уланышы, жер жүзүнөн эли өчпөсү үчүн жан аябай жасалган аракет, жоголуп кетүү коркунучу алдында алгыдан да коркпой, өз макулдугу менен кеткенин көрсөтүү – повесттин философиялык маңызы. Метафоралык образ, окуя аркылуу аз сандуу элдин тагдырын көрсөтүү – сюжеттин башкы негизи. Сюжетте албестук, түбөлүктүүлүк, бүйүү үчүн күрөшкөн чыныгы адамдык касиет ачылган. Повесттин сюжетинде реалдуулук менен көркөм шарттуулук аралашып, бирге колдонулат, миф да, реалдуу турмуш да, тарых да шарттуулук менен байланышып, ал аркылуу ишке ашат.

Ушул үч повесттин сюжеттик түзүлүш принцибин талдоо аркылуу бул диссертациялык эмгекте сюжет түзүү маселеси Ч.Айтматовдун чыгармачылыгында башкы көркөмдүк функциянын бирин аткарат деген жыйынтыкка келдик. Автордун сюжеттик түзүлүшүнүн негизги бир өзгөчөлүгү адамдын ички дүйнөсү белгилүү бир кырдаалда ачыкка чыга



келет, кээ бирде монолог, диалог, эскерүүдө белгилүү болот. Заман чындыгын көркөм чындыкка кийирип, анын жүйөөлүү далилин табат.

Жазуучунун сюжет түзүү чеберчилиги – чыгармада окуянын мазмундуу жана кызыктуу болуп турган бай кыймыл-аракети менен түшүндүрүлөт. Сюжетте чыгарманын негизин жараткан автордун концепциясы, проблемасы ачылат. Жазуучунун дагы бир өзгөчөлүгү, сюжетте миф, реалдуулук менен катар, эриш-аркак жашап, татаал жүктү аркалап келгенинде. Жыйынтыктап айтканда, Айтматовдун жазуучулук улуулугу адамдагы чындыкты ачканына байланыштуу, улуттук чындыкты жалпы адамзаттык чындыкка айландыра билгенинде.

Кыргыз адабиятына кеенербес, өчпөс залкар чыгармаларды тартуулап, карапайым элдин көйгөй маселелерин өз убагында көтөрүп чыгып, аларды өз чыгармасына кылдат, өтмө маанide сиңдирип, сюжет аркылуу ачык айтып, өз элин дүйнөгө тааныткан жазуучунун жогорудагы повесттери, атап айтканда улуттук адабияттын казынасын бир канча деңгээлге көтөргөн, өнүгүп-өскөн элдерге теңеген, кайталангыс образ, сюжет-композициялык түзүлүшү менен сөз кылууга, а талантты далайларга жол көрсөтөр, кийинки муун, урпак үчүн сакталып калар ажайып, чалкыган адабий сабак болуп калмак.

Диссертациянын негизги мазмуну автордун төмөнкү эмгектеринде чагылдырылган:

1. Ак-Бекеттин кыйрашы // Кыргыз маданияты, 8 август, № 32, 1991.- 0,5 б.т.

2. Балалыктын элеси жана каармандын жаралышы // Кыргыз адабиятынын тарыхынан.- Бишкек: Илим, 1994.- 0,5 б.т.

3. Миф жана реалдуулуктун сюжеттик айкалышы // Жаштардын изденүүлөрү.- Бишкек, 1996.- 1,5 б.т.

4. Рухий асыл сапат жана сюжеттик структура // Вестник КГНУ: Сер.: Филологические науки.-Вып. 2.-Бишкек, 1996. - 0,6 б.т.

5. Миф жана көркөм шарттуулук // Жаш талапкерлердин изилдөөлөрү.- Бишкек: Илим, 1996. - 0,5 б.т.

6. Көркөм чындыктагы бирдиктүү концепция // Вестник КГНУ:Сер.: Филологические науки. - Вып. 2.-Бишкек, 1997.- 0,3 б.т.

7. Фольклордун көркөм чыгармачылыктагы өрнөктүү салты // "Манас" - кыргыз рухунун туу чокусу" аттуу кыргыз филологиясы факультетинин окутуучулук-профессордук составынын илимий-практикалык конференциясынын материалдары.- Бишкек, 1997. -0,5 б.т.

## Summary

The author of this dissertation investigates the problem of plot an outstanding modern writer Chingiz Aitmatov. Is writings novels "Belyi parokhod" (White ship), "Ranniye juravly" (Early cranes), "Pegy pes, begushy crayem morya" (A skewbald dog running along the seashore) have been scrupulously investigated for specific revealing of peculiarities of subject designing art of a kyrghyz writer. These novels were published in 1970s and they are connected with each other not only chronologically but also intercommunicated through the system of fiction dominating ideas. First of all these are the conceptual principles of fiction structure.

Subject development in the "Belyi parokhod" (White ship) is based on the old legend about the Deer (large-horned mother). But the main idea of the novel is aimed not at the past but the current period. It explains the dramatic development of events in the novel when the old legend and current period of life comprise one structure of the topic.

The novel "Ranniye juravly" (Early cranes) reveales composed, almost contemplative narration about a period of the main herois live when he was a teenager. High spirit of "Manas" epic goes along through this narration which effects the spontaneous and gradual development of the main idea with relevant subtext. All the details of the novel, including the ordinary domestic scenes are aimed to the dramatic ending of the subject, i.e. the first meeting of a young boy with Evil.

Conventional character of the fiction is an absolute and indispensable basis for the plot of the novel "Pegy pes, begushy crayem morya" (A skewbald dog running along the seashore). This is a philosophic parable about the essence of human life. Conventional character of the fiction as an initial paradigm defines the whole inner structure of the plot, including dramatic development of actual events and symbolic generalisation of heroes in the novel.

Summarising all these ideas the author comes to the conclusion that plot is used by Chingiz Aitmatov not for entertainment. It is considered as a peculiar fiction system of reality to reveal the deep content and philosophic essence.

## Р Е З Ю М Е

В настоящей диссертации рассмотрена проблема сюжета в художественных произведениях выдающегося писателя современности Чингиза Айтматова. Для конкретного выявления особенностей сюжетного искусства кыргызского писателя обьектом скрупулезного исследования стали повести "Белый пароход", "Ранние журавли" и "Пегий пес, бегущий краем моря". Эти произведения, опубликованные в 1970-е годы, связаны между собою не просто хронологически, а взаимообусловлены внутренней системой художественных доминантов, в первую очередь концептуальными принципами сюжетостроения.

В повести "Белый пароход" в основу сюжетного развития положен древний миф о Рогатой Матери-Оленихе. Но это произведение своим острием обращено не на прошлое, а на современную действительность. Поэтому драматическое развитие реальных событий происходит таким образом, что древний миф и современная жизнь органически входят в единый состав сюжетной структуры.

В повести "Ранние журавли" спокойное, почти созерцательное повествование о подростковых годах героя произведения сопровождается высоким пафосом эпического мотива "Манас", в результате которого сюжетное событие разворачивается исподволь, спонтанно, с соответствующим художественным подтекстом. Все художественные подробности и детали, включая обычные бытовые сцены, целенаправлены к одной точке, к драматической развязке сюжета, к первой встрече героя-подростка со Злом.

В повести Ч.Айтматова "Пегий пес, бегущий краем моря" безусловной и непременной основой сюжетосложения является художественная условность. В этой философской притче о сути человеческой жизни, именно художественная условность, как бы являясь исходной парадигмой, определяет всю внутреннюю структуру сюжетосложения, начиная от драматического развития реальных событий и до символических обобщений художественных образов.

В заключении диссертации автор приходит к выводу о том, что сюжет для Чингиза Айтматова служит не ради занимательности, а является своеобразной художественной системой действительности, в раскрытии ее глубинной содержательности и философской сути.